| | |
|---|---|
| **Ош шаарынын мэринин орун басарында болгон жыйындын ПРОТОКОЛУ** | **ПРОТОКОЛ совещания у заместителя мэра города Ош** |
| **2025-жылдын 18-сентябры** | **№ Пр. 9/336** |

**Катышкандар:**
С.А. Аманова, Ө.А. Арзыкулов, Ф.Т. Арзыкулова, Ж.М. Абышев, С.А. Эргешев, О.С. Ибраимов, К.К. Абдыкадыров, Э.Ш. Чечейбаев, М.М. Исманалиев, Д.Ж. Исаков, Э.Токурова, Д.М. Кашкатаев

**Оштогу кара тумоого каршы бөлүмүнүн 2025-жылдын 15-сентябрындагы маалыматына ылайык 2025-жылдын 25-августунда "Увам" каналынан холера оорусунун тастыкталаган учуру аныкталгандыгына байланыштуу илдеттин алдын алуу жана жайылуусуна бөгөт коюу иш-чараларын уюштуруу жөнүндө**

(Орозбаева, Аманова)

Ош шаарынын мэриясына караштуу Эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы шаардык өзгөчө комиссиясынын чукул отуруму өткөрүлүп, төмөндөгүдөй чечим кабыл алынды.

1. Ош шаарында карантиндик жана өтө кооптуу жугуштуу ооруларын алдын алуу, күрөшүү иш-чараларын күчөтүү зарыл экендиги эске алынсын.

2. Ош шаарында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2018-жылдын 17-августундагы № 604 "Кыргыз Республикасында холера оорусуна эпидемиологиялык көзөмөлдү өркүндөтүү жөнүндө" буйругуна ылайык, холера оорусун алдын алуу иш-чаралары талаптагыдай жүргүзүлбөгөндүгү белгиленсин.

3. Холера оорусун алдын алууда тиешелүү чараларды көрүү милдеттерин жетишсиз деңгээлде аткаргандыктары боюнча Ош шаарынын № 1, 2 Үй-бүлөлүк медицина жана Ош облусу боюнча кызматтын иш-аракетин координациялоо милдети жүктөлгөн Ош шаардык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборлорунун жетекчилерине эскертилсин.

4. **Ош шаардык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору (Ж.М. Абышев):**

4.1 Ош шаарында холера илдеттин алдын алуу жана жайылуусуна бөгөт коюу максатында "Увам" жана башка каналдардын санитардык-техникалык абалдарын талапка туура келтирүү, санитардык-коргоо зоналарын сактоо, жашылдандыруут жана каналдардын боюнда жашаган жарандарды илдетке карата медициналык кароодон өткөрүү боюнча мониторинг жүргүзүү үчүн

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

ведомстволор аралык комиссиянын курамынын жана комплекстүү иш-чаралар планынын долбоорун иштеп чыгып, макулдашууга жана бекитүүгө киргизсин.

Аткаруу мөөнөтү: 2025-жылдын 30-сентябрына чейин.

4.2 Шаардагы ачык агын суулардын санитардык абалына көзөмөлдү күчөтсүн.

4.3 Коомдук тамактануучу, өндүрүш жайлардан чыккан саркынды жана ачык агын суулардан, жеке менчик бассейндерден холерага изилдөөгө үлгүлөрдү алып, Оштогу кара тумоого каршы бөлүмүнө өз убагында жеткирсин жана жыйынтыгы боюнча көзөмөлгө алсын.

4.4 Адамдар көп топтолгон жайларда жана чет элдик студенттердин, эмгек мигранттардын арасында холера илдетин алдын алуу иштерин жүргүзүп турсун.

4.5 Эпидемиологиялык кооптуу учурларда жеке менчик бассейндерден шарттуу түрдө ар 10 күндө суудан алынган үлгүлөрдү холерага изилдөөгө жөнөтүүнү көзөмөлгө алсын.

Аткаруу мөөнөтү: дайыма.

**5. Ош шаардык саламаттык сактоо координатору (Ш.Т. Абдурахманов), Ош шаарынын № 1,2 Үй-бүлөлүк медицина борборлору (М.М. Халмурзаев, Р.М. Мамаев):**

5.1 Курч ичеги карын оорулары менен катталган шаар тургундарына эпидемиологиялык байкоону күчөтүшсүн.

5.2 Катталган бейтаптардан лабораториялык изилдөөлөр үчүн сынамыктарды алышып, Оштогу кара тумоого каршы бөлүмүнүн лабораториясына жиберип турушсун.

5.3 Ооруканада холера илдети боюнча бейтаптарды кабыл алууда, дарылоодо даярдыктарды күчөтүшсүн, холерага шектүү бейтапка изоляторду, боксирленген палаталарды камсыздашсын жана транспортторду, меитканаларды, залалсыздандыруучу курулмаларды даярдашсын.

5.4 Медицина кызматкерлердин арасында холера илдети боюнча окутуу, машыгуу иш-чараларын тынымсыз жүргүзүшсүн.

5.5 Эпидемиологиялык кырдаалга карата антибиотиктердин, туздуу суулардын, дезинфекциялык каражаттардын, коргонуу кийимдердин, укладкалардын резервин даярдашсын.

5.6 Калк арасында холеранын илдетин алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен телевидение, радио, басма сөз кызматтары аркылуу программаларды уюштурушуп, маалыматтарды беришсин жана видео роликтерди даярдап, социалдык тармактардан таркатышсын.

Аткаруу мөөнөтү: 2025-жылдын 25-сентябрына чейин, мындан ары дайыма.

**6. Ош шаардык ветеринария, мал чарбасын өнүктүрүү, жайыт жана тоют башкармалыгы (С.У. Абдуллаев), Ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөл кызматынын Ош шаары жана Ош облусу боюнча регионалдык башкармалыгы (С.А. Эргешев):** шаардын аймагында карантиндик жана өтө кооптуу жугуштуу илдеттер боюнча

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

эпидемиологиялык, эпизоотиялык абалды жакшыртуу, турукташтыруу максатында алдын алуу иш-чараларын жүргүзүү, көзөмөлдөө иштерин күчөтүлгөн тартипте алып барышсын.

Аткаруу мөөнөтү: 2025-жылдын 25-сентябрына чейин, мындан ары дайыма.

**7. Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаал министрлигинин Ош шаары боюнча башкармалыгы (А.А. Абылаев):** эпидемиологиялык кырдаалга карата даярдыктарды күчөтсүн.

Аткаруу мөөнөтү: дайыма.

**8. Ош шаардык ички иштер башкармалыгы (Д.Ж. Исаков):** мыйзамсыз каттодон өтпөй иштеп жүргөн эмгек мигранттарды аныктоо, эпидемиологиялык кырдаалга ички иштер кызматкерлерди даярдоо жана өткөрмө пункттарын уюштуруу иштерин колго алсын.

Аткаруу мөөнөтү: 2025-жылдын 24-сентябрына чейин, мындан ары дайыма.

**9.“Ошшаарсууканал” муниципалдык ишканасы (Т.О. Байкишиев):** шаар аймагындагы ачык агын суулардын санитардык коргонуу зоналарынын сакталышы, бассейндердеги колдонулган суулардын агын сууларга кошулуусу, калкка берилүүчү таза жана саркынды суулардын залалсыздандырылуусу, сууларга үзгүлтүксүз лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү боюнча көзөмөлдү күчөтсүн.

Аткаруу мөөнөтү: 2025-жылдын 24-сентябрына чейин, мындан ары дайыма.

**10. “Ош – Тазалык” атайын адистештирилген муниципалдык ишканасы (Ж.Ж. Көчкөнов):** таштадылардын агын сууларга кошулуп кетпөөсүн көзөмөлгө алып, карантиндик жана өтө кооптуу жугуштуу оорулар боюнча жагымсыз аймактардын абалына ай сайын мониторинг жүргүзүүнү күчөтсүн.

Аткаруу мөөнөтү: 2025-жылдын 24-сентябрына чейин, мындан ары дайыма.

**11. Оштогу кара тумоого каршы бөлүмү (А.К. Каныбаев):** эпидемиологиялык жагымсыз өлкөлөрдөн келген студенттерге жана эмгек мигранттарына холеранын козгогучуна лабораториялык аныктоолорду жүргүзсүн, суу үлгүлөрүн алуучу ачык агын суулардын санын, чекиттерин көбөйтсүн жана коомдук тейлөө бассейндердин ээлери менен илдеттин козгогучуна лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн келишимдерди түзсүн.

Аткаруу мөөнөтү: 2025-жылдын 1-октябрына чейин, мындан ары дайыма.

**12. Ош эл аралык аэропорту (Т.О. Маданбеков), “Достук” өткөрмө пункту:** карантиндик жана өтө кооптуу жугуштуу ооруларын алдын алуу максатында шаарга келген ар бир жарандын абалына кылдат текшерүү жүргүзүшсүн жана холерага шектүүлөр катталган учурга даярдыктарды күчөтүшүп, изоляторлорду уюштурушсун.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Аткаруу мөөнөтү: 2025-жылдын 25-сентябрына чейин, мындан ары дайыма.

**13. ЖОЖ, АООЖ, кесиптик лицейлер, Ош шаардык билим берүү башкармалыгы (Т.Б. Досмуратов), Ош шаардык эмгек жана социалдык коргоо башкармалыгы (А.М. Топчубаев):**

13.1 Холера оорусун алдын алуу боюнча стденттердин, окуучулардын арасында жат жазуу, дил баяндардын угуу, түшүндүрүү иштерин күчөтүшсүн жана педагогикалык кеңештерде илдет тууралуу баяндамаларды окушсун.

13.2 Холера илдетинин жетинчи пандемиясы (Индия, Пакистан, Индонезия ж.б.)жүрүп жаткан өлкөлөрдөн келген студенттердин, эмгек мигранттардын санын такташсын жана алардын ар бирин милеттүү түрдө холеранын козгогучуна лабораториялык изилдөөдөн өткөрүшсүн.

Аткаруу мөөнөтү: 2025-жылдын 1-октябрына чейин, мындан ары дайыма.

**14. Ош шаарынын муниципалдык жана айылдык аймактык башкармалыктары (А.А. Зундуев, М.К. Илиязов, А.С. Багышов, Ж.Т. Чолпонбаев, Н.А. Каримов, Зарипбек уулу Санатбек, Т.А. Жунусов, Ж.Ж. Сактанов, М.А. Орозбаев), Кыргыз Республикасыны жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Ош регионалдык башкармалыгы (Т.А. Мамашов), Ош шаарынын залалсыздандыруу бекет мекемеси (Э.Т. Мамаев):**

14.1 Шаардагы саркынды суулардын агын сууларга кошулуусун такташып, каналдардын бардыгында залалсыздандыруу иштери жүргүзүлсүн жана экологиялык абалына көзөмөлдү күчөтүшсүн.

14.2 Муниципалдык жана айылдык аймактык башкармалыктары тарабынан туристик кызмат көрсөткөн жайлар тактасын жана адамдардын көзөмөлүндөгү уюштурулбаган сууга түшүүгө тыюу салынсын жана № 1,2 Үй-бүлөлүк медицина борборлорунун ден соолукту чыңдоо адистеринин калк арасында, билим берүү мекемелеринде, мечиттерде холеранын алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерине көмөктөшсүн.

Аткаруу мөөнөтү: 2025-жылдын 24-сентябрына чейин, мындан ары дайыма.

**15. Ош шаарынын мэриясынын экономика жана финансы бөлүмү (З.Ш. Абжошев), социалдык өнүгүү бөлүмү (Н.А. Закиров), башкы эсепчи (Ж.З. Алимбетов), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ош башкармалыгы (К.А. Абдыкадыров):** шаардагы бардык каналдарды залалсыздандыруу иштеринен өткөрүү үчүн шаардагы өзгөчө кырдаал учурларга каралган акча каражатынан сметасына ылайык бөлүп беришсин.

Аткаруу мөөнөтү: 2025-жылдын 30-сентябрына чейин, мындан ары дайыма.

16. Протоколдук тапшырманын аткарылышы боюнча маалыматтар көрсөтүлгөн мөөнөттөрүндө Ош шаарынын мэриясынын социалдык өнүгүү бөлүмүнө эскертүүсүз берилсин.

17. Бул протоколдун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаарынын мэриясынын социалдык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы Н.А. Закировго жүктөлсүн.

**Ош шаарынын мэриясына караштуу Эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы шаардык өзгөчө комиссиясынын төрагасы** **С.А. Аманова**

Ф.Т. Арзыкулова
тел.: (0 3222) 5 50 80

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН